№32 (3585)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
# Эркин-Тоо
Жума,
2024-жылдын
26-апрели
www.erkin-too.kg

# ТЕКТЕШ ЭЛ МЕНЕН ТИЛЕКТЕШТИГИБИЗ ТЕРЕҢДӨӨДӨ




2-БЕТТЕ

АЗЕРБАЙЖАН САПАРЫ
www.erkin-too.kg



# ТЕКТЕШ ЭЛ МЕНЕН ТЕРЕҢ ДОСТУГУБУЗ БЕКЕМДЕЛҮҮДӨ

***Президент Садыр Жапаров мамлекеттик сапар менен Азербайжан Республикасына барып, бир катар келишимдерге кол коюу менен бирге эки жана көп тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздү.***

Президент Садыр Жапаров менен Азербайжандын Президенти Ильхам Алиевдин расмий жолугушуу аземи болуп, андан соң тар курамдагы сүйлөшүүлөрдү өткөрүштү. Жолугушуунун жүрүшүндө соода-экономикалык, инвестициялык, энергетикалык, транспорттук, айыл чарба жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдө эки тараптуу өз ара аракеттенүүнү тереңдетүү маселелери талкууланды.

Тараптар акыркы эки жылда Бишкекте жана Бакуда өткөн жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөр, ошондой эле жетишилген макулдашуулар жана кол коюлган документтер кызматташтыкка маанилүү түрткү гана бербестен, эки өлкөнүн өз ара мамилесин таптакыр жаңы, сапаттуу мазмун менен толтургандыгын канааттануу менен белгилешти.

Тар курамдагы жолугушуудан кийин Президенттер Садыр Жапаров жана Ильхам Алиев Баку шаарында Кыргыз Республикасынын жана Азербайжан Республикасынын Жогорку Мамлекеттер аралык Кеңешинин (ЖМАК) Экинчи жыйынын өткөрүштү. Анда Ильхам Алиев Садыр Жапаровду жылуу тосуп алып, мамлекеттик сапардын жыйынтыктары өлкөлөрдүн жана элдеринин ортосундагы бир туугандык, достук мамилелерди мындан ары бекемдей турганына ишеним билдирди. Мындан сырткары Ильхам Алиев эки өлкөнүн тиешелүү министрликтеринин өкүлдөрү тыгыз байланышта болуп, активдүү өз ара аракеттенишип, эки тарапты кызыктырган бир катар маселелер боюнча үзгүлтүксүз консультацияларды өткөрүп турарын ырастады.

Ошол эле күнү Президент Садыр Жапаровдун Азербайжанга болгон мамлекеттик сапарынын алкагында 20га чукул келишимдерге жана меморандумдарга кол коюлду. Иш-чарадан кийин Садыр Жапаров менен Ильхам Алиев сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн билдирүү жасашты.

Мамлекет башчысы: "Биз Азербайжан-Кыргыз Өнүктүрүү Фондунун келечегин талкууладык, Азербайжан тарап Ысык-Көлдүн жээгинде беш жылдыздуу мейманкананын курулушу, кыргыз тарап Агдам районундагы орто мектептин курулушу боюнча маселелерди козгодук. Мектеп куруу Кыргызстандын чыр-чатактан жабыркаган аймактарда тынчтыкты калыбына келтирүү ишине кошкон салымы болуп саналат" деп билдирди.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН АЙКЕЛИ АЧЫЛДЫ

***Эки өлкөнүн Мамлекет башчылары Садыр Жапаров жана Ильхам Алиев Баку шаарында улуу кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун эстелигинин ачылыш аземине катышты.***




Азербайжандын Президенти Ильхам Алиев Чыңгыз Айтматовдун эстелиги эки өлкөнүн элдеринин ортосундагы достуктун, бир туугандыктын жана биримдиктин символу экенин айтты. Ал Айтматовдун адабиятка жана улуттук өзгөчөлүккө кошкон салымын, анын чыгармачылыгы Кыргызстанда жана Азербайжанда урматталышына шарт түзгөнүн баса белгиледи. Ошого катар Ильхам Алиев жазуучу менен болгон жолугушуусун эстеп, анын жарандык позициясын жана өз тамырларына берилгендигин билдирди. Ал Айтматовдун эки өлкө ортосундагы достукту чындоого кошкон салымы үчүн ыраазычылыгын айтып, Кыргызстан жана Азербайжан элин эстеликтин ачылышы менен куттуктады.

Президент Садыр Жапаров өз сөзүндө Чыңгыз Айтматовдун мурасына болгон өзгөчө жылуу мамилеси жана залкар жазуучуга арналган юбилейлик иш-чараларды уюштурууга кошкон жеке салымы үчүн Ильхам Алиевге ыраазычылык билдирип, эки өлкө ортосундагы маданий байланыштардын маанилүүлүгүн жана Кыргызстан менен Азербайжандын ортосундагы достукту чыңдоодо Чыңгыз Айтматовдун чоң ролун баса белгиледи.

Андан соң Президент Садыр Жапаров Азербайжандын жалпы улуттук лидери Гейдар Алиевдин күмбөзүнө жана Шейиттер аллеясындагы Түбөлүк отко гүлчамбар койду. Өлкөнүн эркиндиги, көз карандысыздыгы жана аймактык бүтүндүгү үчүн курман болгон Азербайжан элинин баатыр уулдары көмүлгөн Шейиттер аллеясындагы Түбөлүк отко гүлчамбар коюу аземине дагы катышты.

## КЕЛЕЧЕК МУУНГА КАМКОРДУК

***Мамлекеттик сапардын экинчи күнү Президент Садыр Жапаров Физули шаарына барып, алгач калктуу конуштарды реконструкциялоонун башкы планы менен таанышты. Ошондой эле Хыдырлы айылында болочок орто мектептин пайдубалына мезгил кутусун салуу аземине катышты. Мектеп Азербайжан элине Кыргызстан элинин белеги катары курулат.***

Мамлекет башчылары мектептин курулуш долбоору менен таанышып, келечек муундарга жазган каттарга кол коюп, аны мезгил кутусуна салышты. Президенттер келечектеги мектептин пайдубалына капсуланы түшүрүшүп, андан кийин атайын сигнал баскычтарды басып, курулуш иштерин баштап беришти.

Эки кабаттуу мектеп 22 окуу кабинетине ылайыкталган. Окуу жайда спорттук жана жыйындар залдары, китепкана, лабораториялар, ошондой эле информатика жана баштапкы аскердик даярдык кабинеттери болот. Мектептин аймагында спорт аянтчасы, эс алуу жайы жана отканa курулат.



## НУРЛАНБЕК ШАКИЕВ МЕНЕН ПАН ГИ МУН ЖОЛУГУШТУ

***Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Монголиянын борбор калаасы Улан-Батор шаарында Бириккен Улуттар Уюмунун VIII Башкы катчысы, «Пан Ги Мун» фондунун жетекчиси Пан Ги Мун менен жолугушту.***

Төрага Нурланбек Шакиев Пан Ги Мундун Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы катары жигердүү иштегенин эске салып: «Эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу, экология, экономика, энергетика өңдүү тармактардагы глобалдык долбоорлорду ишке ашырууда сиздин жетишкендиктериңиз жогору бааланат» деди.

Жолугушууда тынчтыкты коргоо, климаттык өзгөрүүлөрдү жеңүүгө салуу, жашыл экономиканы жайылтуу жаатындагы маселелер да талкууланды.

## КОРРУПЦИЯНЫН ТАМЫРЫ КЫРКЫЛУУДА

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров өткөн жылдын жыйынтыгы боюнча Президенттин Администрациясынын коллегиясынын жыйынында 2020-жылы өлкөнүн 49% калкы коррупцияны негизги көйгөйлөрдүн бири деп атаса, 2024-жылы калктын 10%ы гана коррупцияны көйгөйлүү маселе катары атаганын белгилеп, "Бул саясий коррупциянын демонтажын жана жакшы башкаруунун көрсөтүп турат. Бул демократиянын жана мыйзамдын үстөмдүгүнүн жеңиши деп айтсак болот" деди. Ошого катар Төрага изилдөөнү мисалга тартып, "Коррупцияга эч качан жолукпаган жарандардын саны 2023-жылдын майындагы 50%дан 2024-жылдын январында 64%га чейин өскөнүн, бул биздин өлкөнүн жарымынан көбү коррупцияга кабылбаганын айгинелейт" деп белгиледи.



## АЛАКА-КАТЫШТЫН АЙМАГЫ КЕҢЕЙҮҮДӨ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Борбордук Азия боюнча иш сапарынын алкагында өлкөгө расмий сапар менен келген Улуу Британиянын тышкы иштер министри Лорд Дэвид Кэмерон менен жолугушту.***



Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар кыргыз-британ кызматташтыгынын актуалдуу маселелерин талкуулашты. Акылбек Жапаров өткөн жылдын ноябрь айында Улуу Британияга сапарын уюштурууга көрсөткөн ар тараптуу жардамы үчүн министрге ыраазычылык билдирип, учурда тараптар жетишилген макулдашууларды ишке ашыруу боюнча жигердүү иштеп жатканын канааттануу менен белгиледи.

## ИЙГИЛИКТЕР МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ

2023-жылы экономикалык өсүш экономиканын бардык тармактары тарабынан камсыздалганын билдирген Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Эл аралык изилдөөлөр боюнча Кыргызстандын Президентинин саясатын колдоо деңгээли 82%ды түзгөнүн билдирди. Бул мындан ары кайраттуу реформаларды жүргүзүү үчүн бийликке берилген күчтүү мандат экенин белгилеген Төрага: «Менин түшүнгөнүм боюнча, бул биздин өлкөнүн тарыхында гана эмес, азыркы дүйнөдө да чыныгы рекорддук деңгээл. Биз, Президенттин командасы, социалдык-экономикалык өнүгүү жаатында жетишилген олуттуу ийгиликтерге сыймыктанабыз. 2024-жылга карата ички дүң продукциянын көлөмү 1 триллион 410 миллиард сомдон, консолидациаланган бюджет 600,7 миллиард сомдон ашат» деди.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КҮНДҮН ТЕМАСЫ
www.erkin-too.kg

# Мыйзамсыз миграция – ар бир өлкө үчүн кооптуу

Кыргызстанда акыркы жылдарда тышкы миграциянын толкуну күчөп, республиканын дээрлик бардык ири шаарларында “кара тору” жаштардын көбөйүп баратканын байкоого болот. Айрым маалыматтарга караганда, алардын көпчүлүгү биздин өлкөбүзгө жогорку билим алыш үчүн келишкен десе, башкалары жумушчу күчү катары келишет экен.



Кыргызстандын жогорку окуу жайларында 70 миң 524 чет элдик студент билим аларын Бүткүл дүйнөлүк ректорлордун форумунда Министрлер кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров билдирген болчу. Өлкөнүн жогорку окуу жайларында билим алып жаткан студенттердин 30,5 пайызы чет элдик жарандар, анын ичинен 44 миң 732 студент коңшу өлкөлөрдөн (КМШ, Грузия, Балтика өлкөлөрүнөн) келген жаштар болсо, Индия, Пакистан, Кытай өлкөлөрүнөн 25 миң 792 студент билим алып жатканы маалым болгон. Ошону менен бирге, эң көп студенттери катталган, маселен, Индия, Пакистан жана Өзбекстандан келген жаштардын көбү медициналык билим берүү программаларына кабыл алынып, ушул үч өлкөнүн студенттеринен эле ЖОЖдорго жылына орто эсеп менен 4,7 миллиард сом түшөрүн Өкмөт башчы билдирген.

Ушул эле маселеге улай, сөз козгосок, Пакистандын Кыргызстандагы элчиси Хасан Али Зайгам АКІpress агенттигине берген маегинде, Пакистандан келген студенттердин саны 11 миңге жакын экенин билдирип, алардын эсебинен Кыргызстандын экономикасына жылына 50 миллион долларга жакын (4,5 миллиард сомго жакын) киреше алып келерин, негизинен жаштар түрдүү медициналык окуу жайларда билим алып жатышканын айткан экен. Чынында бул тышкы миграциянын жакшы жагы. Муну колдош керек.

Бирок, маселенин экинчи жагы бар. Маселен, “кара тору” жаштардын Кыргызстанды каптап кетишинин себебин, миграциялык көзөмөл системасынын начарлыгы, чек аралардын ачыктыгы, Кыргызстандын географиялык жайгашуусу, транзит үчүн ыңгайлуу, улуттук мыйзамдардын жана эл аралык келишимдик базанын жеткилең эместигине шылташат эксперттер.

Өзүбүздүн жумушка жарактуу, каруу күчү толо миллиондон ашык жараныбыз тыштан жумуш издеп, Орусия менен Казакстанда жана башка өлкөлөрдө мигрант болуп жүрүшсө, кийинки учурларда Азия өлкөлөрүнө, АКШга жер которуп жатышат. Эми алардын ордун Кытай, Турция, Өзбекстан, Индия, Пакистан, Бангладеш, Шри-Ланка жана Филиппин өлкөлөрүнүн жаштары толтурууда. Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин өткөн жылдагы маалыматына таянсак, 17 миңге чукул чет өлкөлүк жаранга Кыргызстанда иштөөгө уруксат берилген экен. Анын алты миңден ашууну кытай жарандары, 1500дөй түркиялык, 500дөн ашыгын пакистандык мигранттар түзсө, андан тышкары Түштүк Корея, Индия жана Вьетнамдан келгендер да бар экени айтылууда.

Тыштан келсе да, айрымдарынан жумуш менен камсыз кылуудан сабак алчу жагдайлар бар экен. Маселен, Бангладештен мигрант болуп тышка чыгып кетүү өтө кыйын дешет. Башка өлкөлөрдөн аларга чакыруу барып, виза берилгенде да мыйзамдарына ылайык, окуудан өтүп, тийиштүү документтерин алышы кажет. Ошол эле тигүүчүлүк боюнча окушуп, тажрыйбага каныккан адистерди чет жакка чыгарганы жакты. А Кыргызстанда эмне болуп жатат? Орто мектепти бүтүп-бүтпөй чет жакка чыккан жаштарыбызды сурап койгон эч ким жок. Эч кандай адистиги жок, өмүрүн тобокелге салып, чет өлкөдөн жумуш издеп жүрүшөт.

Transaction Records Analysis Center (TRAC) уюму өткөн жылы АКШнын чек арасын мыйзамсыз кесип өткөн кеминде 40 000 борбор азиялыктардын иши сотто каралып жатканын, алардын ичинен 17 миңи Өзбекстандын, 7 миңи Кыргызстандын, 3 миңи Тажикстандын, 2,7 миңи Казакстандын, 2 миңи Түркмөнстандын жарандары экенин маалымдашкан. Ойлоно турган маселе бул.

Өткөн жылы Президент Садыр Жапаров кол койгон “Тышкы миграция жөнүндө” мыйзамда Кыргызстан визасыз режимдин узактыгына чектөө киргизүү менен чет элдиктердин келүүсүн көзөмөлдөөнү күчөтүү каралган. Бирок, акыркы учурларда коншуна мамлекеттерде иммиграциялык мыйзамдар катаалдашып жаткандыктан, Кыргызстан мыйзамдуу түрдө келүү мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу башка өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болгон чет элдиктердин транзиттик өлкөсү болуп калды деген пикирлер дагы жок эмес. Ал эми чет элдик жарандын өз убагында каттоого турбагандыгы үчүн айып пул 5500 сомду түзөт экен. Бул айып пул дагы мыйзамсыз иштеген чет элдик жарандардагы түйшүккө сала турган чара эмес. Мурда чет элдик жарандар Кыргызстанда 60 күн визасыз жүрүшүп, 59-күнү чек арадан чыкты деген мөөр бастырышып, чет жакка чыга калып, кайра кирип жүрө беришчү экен. Президент кол койгон жаңы мыйзамга ылайык, визанын мөөнөтү бүткөндөн кийин 120 күндөн кийин кайра биздин өлкөгө кирүү каралыптыр. Канткен менен баш калаабызда биздин өлкөнүн миграциялык мыйзамдарын бузган чет элдиктер аныкталып жатат. Жакында эле Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин кызматкерлеринин ыкчам-иликтөө иш-чараларынын жүрүшүндө ар кайсыл жерде жашаган Пакистан жана Бангладештен келген 130дан ашык чет элдиктер кармалып, алардын ичинен 64 адам виза мөөнөтү өтүп кеткен жана каттоосу жок жүргөнүн аныкташты. Өткөн айда Бишкекте миграциялык мыйзамдарды бузган 37 чет элдик жаран аныкталганын Ички иштер министрлигинин басма сөз кызматы билдирген. Алардын 14ү Пакистандын, 23ү Бангладештин жарандары экен. Ал эми 2024-жылдын үч айында Ички иштер министрлигинин ыкчам кызматтары тарабынан мыйзамсыз миграцияны уюштуруу боюнча 59 факт аныкталып, алардын чогултулган материалдары сотко жөнөтүлүптүр. Жалпысынан 6 миң 80 мыйзам бузуу аныкталып, салынган айыптын суммасы 19 млн 97 миң сомду түзүптүр. Терең үңүлө карасак, кеп айып пулдун салыныпында деле эмес, маселенин опурталдуулугунда.

Бүгүнкү күндө “кара тору” жаштардын биздин улуттун кулк-мүнөзүнө төп келбеген жоруктарды жасаган көрүнүштөрү социалдык түйүндөрдө кеңири жайылып жүрөт. Жакында эле тамак-аш ташып кызмат көрсөткөн 100дөн ашык чет элдик мигрант мыйзам бузууларга баргандыгы үчүн, алардын иштөөсүнө тыюу салынды. Дагы бир окуянын жагдай – кытай ишкерлери кыргыз жаранын сабаган учур дагы социалдык түйүндөрдө желдей тарады. Мына ушундай көрүнүшкө өз убагында юридикалык баа берилбесе, эртең кеч болуп калат. Мыйзамсыз миграция – ар бир өлкө үчүн кооптуу. Анын алдын албаса болбойт. Дүйнөдө кылмыштуулуктун, оорунун түрү көбөйүп, терроризм, экстремизм күчөп турган шартта мыйзамдын чегинде өлкө кызыкчылыгын эске алып, тышкы миграцияга чектөө киргизүү туура эле кадам болмок.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

# Кырсыктын кесепети

Жаздын келиши менен катуу жааган жаандан улам өлкөнүн айрым аймактарында сел жүрүүдө. Селдин кесепеттерин жоюу жана башка кечиктирилгис иш-чаралар аткарылууда.

Ушул жылдын 20-апрелинен тартып болуп жаткан жаан-чачындан улам республика аймагында бир нече сел кырсыгы катталган. Анын кесепетинен Ош, Жалал-Абад, Талас, Баткен аймактарында 1000ден ашык турак жайдын короолорун суу каптап, 264 үй жабыркап, 9у капиталдык оңдоого муктаж. Ал эми 2 турак жай жана 1 социалдык объект жараксыз абалга келген. Кырсыктын кесепеттерин жоюу жана келтирилген чыгымдарды эсептөө аракеттери көрүлүп жатат.

25-апрелдеги Жогорку Кеңештин жыйынында депутаттар өлкөдө болуп жаткан жаратылыш кырсыктарын алдын алуу, аткарылып жаткан иштер тууралуу Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматын угушту. Депутат Камила Талиева Баткен облусунун Лейлек районунун аймагындагы абалга кайрылып, жаратылыш кырсыктарынан жапа чеккен аймактарга жардам берүү зарылдыгын айтты. Эл өкүлү Жанарбек Акаев жыл сайын сел жүрүүчү Алай районунун Тогуз-Булак айылына тосмо куруу боюнча элдин өтүнүчүн жеткирди. Ал эми депутат Алишер Эрбаев Жалал-Абад облусунун Ала-Бука жана Чаткал райондорундагы абалга токтолуп, Өзгөчө кырдаалдар министрлигин аларга көңүл бурууга чакырды. Депутат Русланбек Жакышев алдын алуу иштерин өз деңгээлинде аткарбаган жергиликтүү бийликтин жоопкерчиликсиздигин белгилеп, кооптуу аймакта мыйзамсыз курулган турак жайлар боюнча маселеге токтолду.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## Жоокердин абалы оор

Туура 1 ай мурун келишимдик негизде аскерге бир айлык кызмат өтөө үчүн барган Бактыбек Бекжанов Балыкчыдагы аскер бөлүгүндө таяк жеп, оор абалда ооруканага түштү. Аскер прокуратурасы буга байланыштуу дароо кылмыш ишин козгоп, аскер кызматкерин камакка алды.

## Калктын саны көбөйүүдө

Кыргызстандын калкынын саны дээрлик 7,2 миллионго жетти. 2024-жылдын январь-февраль айларында Кыргызстандын туруктуу калкынын саны 0,3%га өсүп, 1-мартта 7 млн 181 миң адамды түзгөн.

## Орозодо чогулган битир-садака

Быйыл Кыргызстанда Орозо айында республика боюнча 57 млн 467 миң 895 сом битир-садака чогулган. Учурда каражаттар муктаждарга таратылууда. Бул тууралуу муфтияттан билдиришти. Муфтияттын башкы эсепчиси Толкунбек Жуманов маалымдагандай, жалпы республика боюнча топтолгон битир-садаканын 60%ы жергиликтүү мечиттерден, 30%ы райондук хатибияттар жана аймактык казыяттардан муктаждарга таратылып жатат. Ал эми Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын эсебине 10 пайызы келип түшкөн. Бул сумма атайын түзүлгөн комиссиянын чечими менен муктаж жарандарга жана жетим-жесирлерге берилет.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

МЫЙЗАМ ЖАНА КӨЗӨМӨЛ
www.erkin-too.kg

# БАНКТЫК КӨЗӨМӨЛ ЖАНА БАНКТЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР




***Финансы-кредиттик уюмдар рынок экономикасынын шартында иш алып барган бардык башка чарбалык субъектилер сыяктуу эле, өз ишин жүзөгө ашырууда бир катар тийиштүү тапшырмаларды аткарат. Албетте бул иштерди аткарууда алардын ишмердүүлүгүнө мүнөздүү болгон бир катар тобокелдиктер кездешет жана анын алдын алуу, көзөмөлдөө функциясы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башкы милдеттеринин бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу биз Улуттук банктын Банктык көзөмөл башкармалыгынын 2-Банктык көзөмөл бөлүмүнүн башчысы Ниязалиев Калысбек Соромбаевич менен маектешип, бизди кызыктырган төмөнкү суроолорго жооп алдык.***

**- Калысбек Соромбаевич, Улуттук банктын финансы-кредиттик уюмдарын көзөмөлдөө функциялары кандай?**

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын банк системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын негизги милдеттеринин бирин жүзөгө ашыруу максатында Улуттук банк төмөнкү көзөмөлдөө функцияларын аткарат:

- Кыргыз Республикасынын банк системасын, анын ичинде банктардын жана банктык топтордун ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;
- банктык эмес финансы-кредит уюмдарын жана Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы башка юридикалык жактарды жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;
- төлөм системасын (оверсайт) көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын натыйжалуу, ишенимдүү жана коопсуз иштөөсүнө өбөлгө түзөт;
- Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы жактардын убактылуу администраторлорунун жана банктарды жоюучулардын, ошондой эле Улуттук банк тарабынан аныкталуучу банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салууну жана мониторинг жүргүзүүнү жүзөгө ашырат;
- Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат;
- Конституциялык Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына ылайык ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгат жана чыгарат.

**- Кыргыз Республикасынын банк системасын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө жөнүндө кененирээк токтоло кетсеңиз.**

- Жалпысынан банк ишине көзөмөл жана жөнгө салуу банк ачылган (уюштурулган) учурдан тартып, лицензия берүү, банк жабылган (ишин токтоткон) учурга чейин Улуттук банк тарабынан жүзөгө ашырылуучу иш-чаралардын жыйындысынан турат.

Банктык көзөмөлдүн максаты – Кыргыз Республикасынын банк системасынын туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, аманатчылардын таламдарын коргоо, Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын сактоо. Мында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, Улуттук банк банктардын күндөлүк ишине кийлигишпейт.

Белгилей кетсек, Улуттук банк көзөмөл жүргүзүү максатында банктык көзөмөлдүн жана жөнгө салуунун эл аралык стандарттарын, анын ичинде Базель комитетин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган ченемдик укуктук актыларды чыгарат.

Улуттук банк ошондой эле капиталдын минималдуу өлчөмүнө, талап кылынган ликвиддүүлүктүн деңгээлине карата экономикалык ченемдерди жана талаптарды, валюталык, кредиттик, операциялык жана башка тобокелдиктерди чектөө жана тескөө боюнча талаптарды жана ченемдердин жана талаптардын башка түрлөрүн белгилейт.

**- Банктык көзөмөл кандайча ишке ашырылат?**

- Банктык көзөмөл банктардын ишине тышкы көзөмөл жүргүзүү жана банкка барып текшерүү, ошондой эле жөнгө салуучу ченемдерди чыгаруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул үчүн Улуттук банк ар бир банк үчүн анын системалуу маанисин, банк ишиндеги тобокелдиктерди эске алуу менен көзөмөлдөө стратегиясын аныктайт (б.а. тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү жүзөгө ашырат), мында банкка барып комплекстүү жана максаттуу текшерүү ыкмаларын тышкы көзөмөл менен айкалыштырат. Ошентип, Улуттук банк банктардын ишине баа берүү үчүн тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү колдонот.

**- Сиз жогоруда айтып өткөн тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл эмнени билдирет? Анын өзгөчөлүктөрү эмнеде?**

- Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл – бул, банк ишиндеги эң чоң тобокелдик деңгээлин аныктоо максатында, банк ишиндеги тобокелдиктерге баа берүү жана аларды тескөөнүн сапаты боюнча таасирдүү ыкмага негизделген көзөмөл. Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүн негизги максаттарынын бири болуп, банктын ишинде эң чоң тобокелдиктер орун алган жерлерди көзөмөлдөөгө өзгөчө көңүл буруу болуп саналат. Мындан тышкары, тобокелдикке багытталган көзөмөл Улуттук банктын өзүнүн да, коммерциялык банктын да бизнес-процессине зыян келтирбестен, көзөмөлдөө ресурстарын натыйжалуу бөлүштүрүүгө көмөктөшөт. Башкача айтканда, тобокелдикке багытталган көзөмөл банк ишиндеги тобокелдиктерге сандык, сапаттык талдоо жүргүзүү жолу менен баа берүүнү камтыйт, анын ичинде Улуттук банктын жоопту кызматкерлеринин кесиптик ой-пикирине, банкка анын мүнөзүн, тобокелдик-профилин жана маанисин эске алуу менен жекече мамиле жасоого негизделген.

**- Банктарга мүнөздүү тобокелдиктердин кандай түрлөрү бар?**

- Тобокелдиктин бир катар түрлөрү бар:

- кредиттик (кардарлардын банк алдындагы милдеттенмелерин аткарбай коюу тобокелдиги),
- рыноктук: валюталык тобокелдик жана пайыздык чендер тобокелдиги (рыноктук факторлордун өзгөрүүсүнөн улам активдердин наркынын төмөндөө тобокелдиги),
- операциялык (компаниянын бизнес-функцияларды аткаруусуна байланыштуу тобокелдик, анын ичинде алдамчылык жана тышкы окуялар тобокелдиги),
- маалымат коопсуздугунун тобокелдиги,
- ликвиддүүлүк тобокелдиги,
- террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү тобокелдиги.

Ошондой эле коммерциялык банктардын ишин талдоодо банктын кирешелүүлүгүнүн тескелишине, капиталдын жетиштүүлүгүнө жана анын тескелишине, менеджменттин сапатына баа берилет.

Тобокелдиктин бардык түрлөрү өз ара байланышта жана банктын ишине таасирин тийгизет.

**- Тышкы көзөмөл менен инспектордук текшерүүнүн ортосунда кандай айырма бар жана алар кандайча жүргүзүлөт?**

- Банктарга тышкы көзөмөл аралыктан, туруктуу негизде, берилген отчеттордун жана башка маалыматтардын негизинде банктардын ишин талдоо, ошондой эле банктын ишинин негизги багыттары боюнча банктын башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Банктын иши көзөмөлдүк стратегиясына ылайык да, зарыл болгон учурда Улуттук банктын ыйгарым укуктуу кызматкерлерин банкка жөнөтүү жолу менен да мезгил-мезгили менен текшерилип турат.

Текшерүүнүн алкагында банктын финансылык абалына, башкаруунун сапатына жана натыйжалуулугуна, банктын туруктуулугуна жана коопсуз иштешине таасир этүүчү банктын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерге, банктын финансылык жана регулятивдик отчетунун аныктыгына, банктын Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын, талаптарын жана сунушкөрсөтмөлөрүн сактоосуна, банктын Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын ченемдерин сактоосуна, банктын Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарында белгиленген башка милдеттенмелерин жана талаптарын аткаруусуна баа берилет.

Мында, банк ишинин бардык мүнөздүү тобокелдиктерге дуушар болушуна комплекстүү текшерүү жүргүзүлөт, ал эми тышкы көзөмөлдүн жыйынтыктарына/натыйжаларына ылайык банк ишинде кыйла олуттуу болгон айрым тобокелдиктерге максаттуу текшерүү жүргүзүлүшү мүмкүн.

Тышкы көзөмөлдүн алкагында да, инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча да банктарга карата тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулушу мүмкүн.

**- Улуттук банк тарабынан кандай чаралар жана кимге карата колдонулушу мүмкүн?**

- Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банкка, анын акционерлерине жана банктын кызмат адамдарына карата таасир этүү чараларын колдонот. Улуттук банк тарабынан таасир этүү чараларын колдонуунун максаты – банктын жана/же Кыргыз Республикасынын бүтүндөй банк системасынын ишиндеги көйгөйлөргө тез арада чара көрүү, аларды жөнгө салуу жана жоюу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарында, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген ченемдердин, талаптардын жана чектөөлөрдүн бузулушу таасир этүү чараларын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

Таасир этүү чаралары мыйзам бузууларды четтетүү жөнүндө банкка жазма буйрук жөнөтүү, банкка жана/же банктын кызмат адамына айып пул салуу, мисалы, финансылык жактан чыңдоо боюнча иш-чараларды жүргүзүү жөнүндө талаптарды коюу, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырууга чектөөлөрдү белгилөө же тыюу салуу жана банктык мыйзамдарына ылайык лицензияны кайтарып алууга чейинки башка чаралар түрүндө болушу мүмкүн.

**Маектешкен**
**Абдимухтар АБИЛОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

МИНИСТРДИН ЧЫНДЫГЫ

www.erkin-too.kg



*Жогорку Кеңештин экс-депутаты Жусупбек Коргонбай уулу Парламент трибунасынан Саламаттык сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиевге бир топ дооматтарды коюп, саламаттык сактоо тармагында коррупциялык схемаларды түзгөнүн, министрликке келгенден бери миллиондогон долларлык мүлк чогултканын, аялына бир нече үйлөр, кымбат баалуу унаалар катталганын айтып чыккан. Биз министр А.Бейшеналиевдин коррупцияга каршы күрөшү жана айтылган дооматтар боюнча өзүнүн аргументин уктук.*

## Саламаттык сактоо министри Алымкадыр БЕЙШЕНАЛИЕВ:

# “ООРУКАНАНЫН ИЧИНЕ ДЕПУТАТТАР, МИНИСТРЛЕР АПТЕКАЛАРЫН ЖАЙГАШТЫРЫП АЛЫПТЫР”

**- Алымкадыр Савирдинович, Президент сизди министрликке “30 жылдан бери Саламаттык сактоо министрлигиндеги уюп калган коррупциялык системаны талкалап жок кыласың, карапайым эл үчүн жакшы шарттарды түзүп бересиң деген шарт менен койгом” деди. Эмнелерди жасай алдыңыз?**

- Ооба, министр болуп келген кезде эле Президент: “30 жылдан бери коррупция каптап калган саламаттык сактоо тармагын оңдоп бер” деген. Андан бери көп нерселерди жасадык. Чындыгында система талкаланып калган болчу. Эгемендүүлүк алгандан кийинки мезгилдеги министрлер реформа кылабыз деген ураан менен 70 жылда түптөлүп калган саламаттык сактоо системасын бузган. Союз убагында Семашко деген методиканын негизинде 15 өлкөдө система түзүлгөн. Ошону башкалар бузбады, бизде талкалашты. Ал системага ылайык, бир аймакты бир башкы врач башкарып, жалпы районго жооп берчү. Анан “Манас таалими” жана “Ден соолук” деген программаларды киргизип, башка өлкөлөрдөн чоң акчаларды алып, ар бир аймакта 5тен, 6дан башкармалыктарды түзүп, системаны талкалап салышты. Мисалы, Союз маалында Түптө бир оорукана эле болгон, ошол жерде ооруган кишини карап, эгер стационардык дарылоо болсо тийиштүү жерге жөнөтчү. Ошол жерде тиш доктур, тез жардам, санэпидемстанция ж.б. баары бир кишиге баш ийчү. Анан булардын баарын бөлүп, территориялык стационарды өзүнчө, үй-бүлөлүк медицина борборун өзүнчө, ФАПты өзүнчө, кан борборун өзүнчө, тез жардамды өзүнчө кылып коюшту. Ар бир жерде башкы врач, эки орун басар, бухгалтер, шопур, кассир ж.б. болуп баары чоңоюп кетти.

**- Чоңдор көбөйгөн экен да?**

- Ооба, чоңдор көбөйдү, бирок иштин жыйынтыгы өлдү. Мурун кош бойлуу аялды акушер-гинеколог, туберкулезду фтизиатр, көздү окулист, кулакты отоларинголог, жүрөгү ооруганды кардиолог карачу. А бул реформада алардын баарын талкалап, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу түзүлүп, баарын бир доктур карай турган кылды. Жыйынтыгында, үй-бүлөлүк врач каттоочуга айланды да, чоң көйгөй башталды.

**- Сиз келгенден кийин кандай болду?**

- Мен келгенден кийин ар бирин бириктирдим. Мисалы, Түптө азыр бир эле башкы врач бар, ошого аймактык оорукана, бейтапкана, ССМ, ФАП, тез жардам, кан борбору баш ийет. Жалгыз киши керт башы менен өзү жооп берет. Стационарда иштеген адистердин баары поликлиникада иштеп жатат. Башкы дарыгердин орун басарлары өз орундарына келишти. Эң керектүү болгон педиатрды бизге кереги жок деп институттарда педиатрды жок кылып жиберишкен экен, ошолорду биз кайрып келе жатабыз.

**- Ушул өзгөрүүнү коррупциялык системаны талкалоо десек болобу?**

- Албетте. Себеби, 250дөй башкы врачты жумуштан алдым. Бир аймакта 5-6 болчу, азыр бир эле башкы врач калды.

**- А.Исманкулов, С.Жумабеков ж.б. кишилердин ызы-чуусу дагы ушундан улам чыктыбы?**

- Жогорудагы реформа жүргөндө имараттар бошоп, аны ар ким ээлеп, Исманкулов 3 кабаттуу имаратка кирип алган. Өкмөткө кичине ижара төлөп коюп пайдасын көрүп келишкен. 2-төрөт үйүн “Комек” компаниясына, Ошто имарат жетишпей жатса, оорукананын ичиндеги 3-кабатты бирөөлөргө берип коюшкан экен. Биз баарын чыгарып, имараттарды кайтардык. Кээ бири жеке өзүнө өткөрүп алыптыр, сот аркылуу алардын баарын алып бүтүп калдык. Андан сырткары, оорукананын жанына же ичине өздөрүнүн аптекасын салып алган. Саламаттык сактоо министри болгондордон эле бешөөнүкү бар экен. Андан сырткары, депутаттар, башка тармактагы министрлер аптекаларын жайгаштырып алыптыр. Өкмөттөн берилген дарылар бейтапка оорукана аркылуу жетпей, аптека аркылуу сатылып калган. Ошол коррупциялык бизнестин баарын токтотуп, аптекаларды имараттардын ичинен чыгарып жатабыз. Албетте мэрия, айыл өкмөтү менен көп жылга келишим түзүп алдык деген шылтоо менен чыкпай, соттошуп жаткандар бар. Бул жерде чоң коррупция тамырлаган. Элдин баары билет, врачтар дары-дармектерди жазып, “мобул аптекадан аласың” деп жөнөтчү. Ичине лабораториялар да кирип алган. Оорукананын өзүндө лаборатория турса дагы, “тигил жак жакшы текшерет” деген шылтоо менен жөнөтүп, ошондон бонус алышчу. Мен ошолор менен күрөшүп, аптека жана лабораторияларды чыгардым.

**- Аптека тармагы саналуу кишилердин бизнесине айланып калганы чынбы?**

- Аптекалар бизнестен сырткары коррупциялык системага да аралашып калган. 30 жылдан бери өкмөт бөлүп берген акчаны башкы врачтар ФОМС менен бирге тендер өткөрүп, ага тааныштарын киргизип, каалаган баа менен ооруканаларга алып келген. Биз аны да токтоттук. Азыр Кыргызстан боюнча 290 уюм бар. Алардын баары дары-дармектерди, медбуюмдарды, реактивдерди Кыргызфармациядан алып жатат. Мурун анальгин Бишкекте бир баа болсо, Ат-Башы, Алайга эки эсе кымбат болуп жетчү. Өкмөттүн акчасы чачылып, дары жетпей калчу. Быйыл февралдан баштап Президент уруксат берди, азыр дары-дармектерди бүт Кыргызфармация аркылуу арзан, сапаттуу алып жатабыз. Дары-дармектин баасы бажыдан киргенден баштап, аптекага жана бейтапканадагы бейтапка жеткенге чейин көзөмөлдөйбүз.

**- Демек, сиз коррупцияга каршы жүргүзүп жаткан ишиңизден запкы тарткандар, бизнесинен айрылгандар Парламенттеги тааныштары аркылуу чабуулга чыгып жатабы?**

- Бул эми баарына маалым, 30 жылдан бери элди алдап, дары-дармекти кымбат сатып, мамлекет эсебинен пайда көргөндөр жөн эле нанын берип койбойт да. Мен баштаганда эле ушундай болорун билгем, күрөшкө даяр болчумун. Буга чейин депутат айткан дооматтар боюнча 8 иш козголуп, аныкталган эмес. Кызыгы, бул сапар таптакыр башка бирөөнү, Гүлнара Кулматованы менин аялым экенин айтып чыкты. “Кайнатасы Р.Кулматов хирург М.Мамакеев менен дос экен, илимий иштерин ошол жазып берген, анын аркасы менен илимий даражага жеткен” деп мага көө жапты. Министрликтен кетип Түркияда жүргөнүмдө (аялым ошол учурда рак болуп дарыланып жүргөн, азыр Москвада химия алып жатат) доомат айтылып, тактоо бербейсиңби дегенде кол шилтеп койгом. Депутат айткандан кийин мен аны издеп, Кулматов Ринат Сатаровичтин кызын таптым. Анын күйөөсү Команов Күлчоро экен. Балдары бар экен. Өзү нотариус болуп иштейт экен.

**- Ошондо сиздин аялыңыздын аты-жөнүнө окшош бирөөнү эле айтып чыкканбы?**

- Ооба, ошондой кылышкан. Менин аялымдын аты-жөнү Кулматова Замира Марленовна. Ал Ринат Сатаровичке жакындыгы жок, такыр башка. Аты-жөнү окшоштор көп да. Кеңеш Кулматов деген бар эле, баласы Кубанычбек Кулматов мэр болгон. Мисалы, Бейшеналиевдер да көп. Болот Бейшеналиев, Бүбүсара Бейшеналиева бар. Алардан башка да Бейшеналиевдер жүрөт. Окшош болсо эле чаптап алып каралаган туура эмес да.

**- Айтып кетпедиңизби: “Аялым Түркияда дарыланды, азыр Москвада” деп. Коомчулукта Саламаттык сактоо министринин аялы сыртта дарыланса, анда биздин медицинага ишенич жокпу деген суроо коюлуп жатат, буга не дейсиз?**

- Мени камап, соттук иш башталганда аялым ооруп жаткан эле, санаага батпасын деп сыртка алып чыгып кетишиптир. СИЗОдон чыкканымда Түркияда экен. Министр катары ошол эле процедураларды ушул жерде жасатуу үчүн доктурларды чакырсам, азыр деле келишет.

**- Негизи, дарылаганга биздин доктурлардын күчү жетеби?**

- Биздин доктурлардын деле күчү жетет. Бирок, илдет өтүшүп кеткендиктен, бул жактагы доктурлар өздөрү сунуштама беришкен. “Радиальное излучение” бизде жок. Ал Обнинскийде гана бар.

**- Жусуп Коргонбай уулу “Алтын балалык” боюнча бир топ доомат койду, аларга жообуңуз барбы?**

- “Алтын балалык” боюнча Президент абдан жакшы маек берди. Садыр Нургожоевич менен барганыбызда эл кайрылып, “оңдоп бергиле” деп өтүнүшкөн. Президент: “Мына биз министр менен келдик, оңдоп беребиз” деп убада берген. Ошол жерден мага канча каражат кетерин эсептеп чыгуу тапшырмасы коюлду. Бир фирманы чакырсак 15 млн доллар, экинчиси 25 млн доллар деди. Келип Президентке айтсам, анчалык каражат жоктугун айтып, бирок элге берген убаданы аткарыш керектигин билдирди. Марафон өткөрдүк. Садыр Нургожоевич жеке өзү 3 миллион берди, медиктер бир күндүк эмгек акысын которду. Жалпы 58 млн сом чогулттук. Ковид маалында топтолгон 37 млн сом акча бар экен, ошону да коштум. Демөөрчүлөрдү да таптык. Айтор, бюджеттен 1 тыйын албай, арзан баага, жалпы 291 млн сомго бүттү. Башкалар аны 15 же 25 млн долларга бүтүрмөк.

**- 40 миллион сом жана 100 керебет боюнча эмнени айта аласыз?**

- Акча бөлүнгөндө тендер өтөт, уткан фирма кийин отчет берет. 200 млн сомго тендер өткөрүлүп, башка фирма утуп алды. Аларды Эсеп палатасы, Салык кызматы, УКМК абдан тыкыр текшерди. Аталган фирма 200 млн сом алып, 240 млн сомдук жумуш жасаган. “40 млн сомду доолабайбыз, балдарга биздин жардам” деген. 40 млн сомдун жөнү ушундай. Ал эми керебеттер боюнча айтсам, Сириядан балдар келет деп калышты. Эмгек, социалдык камсыздоо министрлиги бул боюнча аракет кылыш керек болчу, алар эптей албай коюшуптур. Мага чыгышты, “жардам бериңиз” деп. Президент өзү да чакырып: “Тиешелүү министрликке тапшырма бергем, уюштура албай коюшту, орун таппай жатабыз” деди. Бишкектин четинде 15 жылдан бери иштебей турган имараты жакшы “Арчалуу” деген оорукана бар эле, ошону сунуштасам, “300 бала келет, оңдогун” деген тапшырма беришти. Мен демөөрчүлөрдү таап, оңдоп-түзөдүм. Кичине жетпей калды эле Президентке айтсам, өзүнүн фондунан 5 млн сом берди. Канализация, жылуулугун бүтүрдүк. 100дөн ашык керебет бар эле, дагы 150дөй керек деп калышты. Биз демөөрчүлөр менен “Алтын балалыкка” алган 1000 керебет бар эле, ошолордон мен 100 керебет, 100 матрас, 100 кашык, 100 идиш-аяк алгам.

**- Жогорку Кеңеште айтылган керебеттерди ошол жакка алып барган экенсиз да...**

- Ооба. Садыр Нургожоевич нан жасаган эки “пекарный” сатып берген болчу, анын бирин алып келдик. Мага 100 керебеттин, нан жасаган пекарныйдын эмне кереги бар? Сириядан алып келине турган балдар үчүн алганбыз, алар турат. Буга чейин мени Прокуратура, УКМК, ИИМ бир жыл текшерди. Эч нерсе таба албады. Мурдагысында аялымдын 130 коттеджи бар деп жазган. Балам 20 жылдан бери бизнес жасап, Көлдө үй салып сатат. Курулуш компаниясы менен элге 130 үй салып берген экен, ошону жазышыптыр. Мындан сырткары, 2015-жылдары бирөөлөр менен келишим түзүп, батирлерди чогуу курган экен, ошолордун баарын аялыма чаптаган. Кымбат баалуу машинелерди жазыптыр, бизде эки эле машине турат.

**- Мүлкүңүз жокпу?**

- Аялым менен кызымда батир бар. Менде айылда 5 сотук жерим бар экен. Ал эми балам 20 жылдан бери бизнесмен, эмнеси бар экени менен ишим жок. Кошумчалай кетейин, кээ бирөөлөр мени Президентке тууган кылып коюшту. Эч кандай тууганчылык жакындыгым жок. Мен Кеминдик болом.

**- Соңку суроо, сизге Жусуп Коргонбай уулунун жеке таарынычы болушу мүмкүнбү?**

- Мүмкүн. Анткени, биринчи ооруканада менде иштеген жаш баланы кызматка коюп бер деген. Ал бала жеке клиникада иштеген, эч качан чоң ооруканада иштеген эмес. Тажрыйбасы жоктугунан кызматка коюудан баш тарткам.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# БАНК МЫЙЗАМДАРЫНА ЫЛАЙЫК КЕЛТИРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 14-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин I бөлүгүнө (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №6, 80-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 87-статьянын 5-пунктунун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Коммерциялык эмес уюмдардын, финансы-кредиттик уюмдардын жана мекемелердин уюштуруу документтерине киргизилген өзгөртүүлөр көрсөтүлгөн юридикалык жактар мамлекеттик кайра каттоодон өткөн күндөн тартып күчүнө кирет.»;

2) 96-статьянын 2-пунктунда:

а) төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланууучу банкты, финансы-кредиттик уюмду же мекемени жоюу банктар же башка финансы-кредиттик уюмдар же мекемелер үчүн белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт.»;

б) бешинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

в) алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Банктык лицензияны кайра чакыртып алган учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы банктын активдеринин сакталышын камсыз кылуу жана сот тарабынан жоюучу дайындалганга чейин аманатчылардын кызыкчылыктарын коргоо максатында убактылуу администраторду дайындоого тийиш. Убактылуу администратор «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган ыйгарым укуктарга ээ.»;

3) 349-статьянын 1-пунктунда «кредиттик мекеме же» деген сөздөр «финансы-кредиттик уюм же мекеме,» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин II бөлүгүнө (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №6, 226-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 724-статьянын 4-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«- жеке жак тарабынан жеке жакка процентсиз заём берүү;»;

2) 736⁴-статьянын 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Заём алуучу кредиттин түрүнө, пайдалануу мөөнөтүнө жана суммасына карабастан, эч кандай комиссияларсыз, айыптык санкцияларсыз жана башка төлөмдөрсүз кайсы убакта болбосун кредитти мөөнөтүнөн мурда тындырууга укуктуу.»;

3) 755-статьянын 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Банк өзүнүн алган салымдарын кайтарууну камсыз кылуу үчүн пайдаланууга милдеттүү каражаттар жана ыкмалар «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана келишим менен аныкталат.».

**3-берене**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., №5, 398-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 72-берененин 1-пунктунда:

а) «ж» пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«ж) Улуттук банктын «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына ылайык келишине;»;

б) «з» пунктчасында «насыялык-каржы мекемелерди» деген сөздөр «каржы-насыялык уюмдарды» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 73-берененин 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«(2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Министрлер Кабинетинин эсептерин тейлөө боюнча банктык операцияларды жүзөгө ашырат;».

**4-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 300-берененин биринчи абзацында «мекемелердин» деген сөз «уюмдардын» деген сөзгө алмаштырылсын;

2) 302-берененин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- юридикалык жактарга 130 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.».

**5-берене**

«Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-ж., №11, 537-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьянын 3-пунктунун 4-пунктчасында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында жана «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 54-статьянын 1-пунктунда «башка кредит мекемесиндеги», «башка кредит мекемелериндеги» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «башка финансы-кредиттик уюмдагы», «башка финансы-кредиттик уюмдардагы» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 98-статьянын 5-пунктунун экинчи сүйлөмү «банк ссудасы,» деген сөздөрдөн кийин «кредит,» деген сөз менен толукталсын.

**6-берене**

«Кредиттик союздар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №2, 108-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) расмий тилдеги 4-статьянын 4-пунктунун 3-пунктчасында «иным уполномоченным финансово-кредитным учреждением» деген сөздөр «иной уполномоченной финансово-кредитной организацией» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 5-статьянын 3-пунктунда «жана маалымдоо» деген сөздөр алып салынсын;

3) 6-статьянын 3-пунктунун биринчи абзацында «адистештирилген финансы-кредиттик мекеме» деген сөздөр «адистештирилген финансы-кредиттик уюм» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 8-статьянын 2-пунктунун 13-пунктчасында «каржылык-кредиттик мекемелердин» деген сөздөр «финансы-кредиттик уюмдардын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 26-статьянын 1-пунктунда «мекемелеринен» деген сөз «уюмдарынан» деген сөзгө алмаштырылсын;

6) 28-статьянын 2-пунктунда «финансы-кредиттик мекемелердин» деген сөздөр «финансы-кредиттик уюмдардын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 33-статьяда:

а) 2-пунктта «финансы-кредит мекемеси» деген сөздөр «финансы-кредиттик уюм» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 9-пунктта «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» деген сөздөр «Банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**7-берене**

«Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №9, 412-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьяда:

а) 1-пунктта:

- биринчи абзацта «финансы-кредиттик же кредиттик мекеме» деген сөздөр «финансы-кредиттик же кредиттик уюм» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацта «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын жана «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-4 пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Микрофинансылык компания болуп акционердик коом формасында түзүлгөн, Улуттук банктын лицензиясын алган, юридикалык жана жеке жактарды микрокредиттөөнү жана операциялардын башка түрлөрүн, анын ичинде ушул Мыйзамда каралган жеке жана юридикалык жактардан мөөнөттүү аманаттарды тартууну жүзөгө ашыруучу адистештирилген финансы-кредиттик уюм саналат.

3. Микрокредиттик компания болуп коммерциялык уюмдун кандай болбосун уюштуруу-укуктук формасында түзүлгөн, Улуттук банктын күбөлүгүн алган, жеке жана юридикалык жактарды микрокредиттөөнү жана ушул Мыйзамда каралган операциялардын башка түрлөрүн жүзөгө ашыруучу адистештирилген финансы-кредиттик уюм саналат.

4. Микрокредиттик агенттик болуп, ушул Мыйзамда белгилегендерди кошпогондо, коммерциялык эмес уюм формасында түзүлгөн, Улуттук банктын күбөлүгүн алган жана уюмдун уставдык максаттарына ылайык жеке жана юридикалык жактарды микрокредиттөөнү жүзөгө ашыруучу адистештирилген кредиттик уюм саналат.»;

в) расмий тилдеги 9-пунктта «учреждений» деген сөз «организаций» деген сөзгө алмаштырылсын;

2) 3-статья төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

«7. Өзүнүн фирмалык аталышында «ислам» деген сөздү тийиштүү уруксат берүүчү документтин негизинде ишти банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жүзөгө ашыруучу микрофинансы уюмдары гана пайдаланууга укуктуу.»;

3) 5-статьяда:

а) 1-пунктта «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы жана «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-пунктта:

- биринчи абзацта «кардар менен түзүлгөн келишимге» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын талаптарына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- экинчи абзац «мыйзамдарынын» деген сөздөн кийин «жана Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын» деген сөздөр менен толукталсын;

4) 8-статьянын 1-пунктунун 2-пунктчасында «жана маалыматтарды берүү» деген сөздөр алып салынсын;

5) 10-статьянын 4-пунктунун биринчи абзацында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөр «Банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) 15-статьяда «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» деген сөздөр «Банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 16-статьянын 1-пунктунун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3) үчүнчү жактардан милдеттенмелерди акчалай түрдө (факторинг) аткарууну талап кылуу укугуна ээ болуу;»;

8) 18-статьянын 2-пунктунда «микрофинансы компаниясына» деген сөздөр «микрофинансы уюмуна» деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 24-статьянын 2-пунктунда «мекемелер» деген сөз «уюмдар» деген сөзгө алмаштырылсын;

10) 27-статьянын 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Улуттук банк «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына жана «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Улуттук банкка жүктөлгөн функцияларды жана милдеттерди аткаруу, туруктуу финансы тутумун колдоо, керектөөчүлөрдүн таламдарын коргоо, ошондой эле микрофинансы компаниялары тарабынан Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарынын аткарылышын камсыз кылуу максатында микрофинансы компанияларынын ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдү жүзөгө ашырат.»;

11) 28-статьянын 5-пунктунда «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөр «Банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

12) 30-статьянын 2-пунктунун 7-пунктчасында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө» деген сөздөр «Банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

13) 31-статьянын 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Микрофинансы компаниясы, анын кызмат адамдары жана башка кызматкерлери, акционерлери жана микрофинансы компаниясы менен байланышкан жактар Улуттук банктын талабы боюнча отчетторду, документтерди жана ар кандай маалыматтарды өз убагында берүүгө милдеттүү.»;

14) 33-статьяда:

а) 2-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) үчүнчү жактардан милдеттенмелерин акчалай түрдө (факторинг) аткаруусун талап кылуу укугуна ээ болууну;»;

б) 3-пунктта «мекемелерден» деген сөз «уюмдардан» деген сөзгө алмаштырылсын;

в) 5-пунктта «финансылык лизинг операцияларын кошпогондо,» деген сөздөр алып салынсын;

15) 35-статьяда:

а) 9-пунктта:

- биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9. Улуттук банк же ал ыйгарым укук берген орган (жак) тышкы көзөмөлдү жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу.»;

- пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

«Микрокредиттик компания жана/же микрокредиттик агенттик, алардын кызмат адамдары жана башка кызматкерлери, катышуучулар (уюштуруучулар, акционерлер) жана микрокредиттик компания жана/же микрокредиттик агенттик менен байланышкан жактар Улуттук банктын талабы боюнча отчетторду, документтерди жана ар кандай маалыматтарды өз убагында берүүгө милдеттүү.»;

б) 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

1) 2-статья төмөнкүдөй мазмундагы он үчүнчү жана он төртүнчү абзацтар менен толуктaлсын:

“**электромобилдер үчүн мамлекеттик каттоонун атайын жашыл түстөгү номердик белгиси** – Кыргыз Республикасынын жарандарына жана Кыргыз Республикасынын аймагында катталган юридикалык жактарга таандык электромобилдерди мамлекеттик каттоодо берилүүчү, ак фондогу жашыл тилке менен аткарылган мамлекеттик каттоонун номердик белгиси. Ушуну менен бирге, мындай номердик белгилер чет өлкөлүк жарандарга жана чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө, консулдук мекемелерине жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрүнө берилбейт;

**электромобиль** – электр энергиясынын көз карандысыз булагынан (аккумуляторлор, отун элементтери, конденсаторлор ж.б.) азыктандыруусу бар, ичинен күйүүчү кыймылдаткычсыз, бир же бир нече электр кыймылдаткычтары менен кыймылга келүүчү автомобиль.”;

2) $23^1$-статьянын 1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи-онунчу абзацтар менен толуктaлсын:

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте электромобилдер үчүн мамлекеттик каттоонун атайын жашыл түстөгү номердик белгисин алууга;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте электромобилдер үчүн мамлекеттик каттоонун атайын жашыл түстөгү номердик белгисин пайдалануу үчүн жеңилдиктерди алууга.

Жеңилдиктердин тизмеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат жана белгиленет.”

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №80***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ОХРАНЕ ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЫ», «О ДОРОЖНОМ ДВИЖЕНИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 14 марта 2024 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об охране окружающей среды» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., № 11, ст. 452) следующие изменения:

1) статью 2 дополнить абзацем пятьдесят третьим следующего содержания:

«**специальный зеленый государственный регистрационный номерной знак для электромобилей** – государственный регистрационный номерной знак, выполненный с зеленой полосой на белом фоне, выдаваемый при государственной регистрации электромобилей, принадлежащих гражданам Кыргызской Республики и юридическим лицам, зарегистрированным на территории Кыргызской Республики. При этом такие номерные знаки не выдаются на электромобили, принадлежащие иностранным гражданам и дипломатическим представительствам, консульским учреждениям иностранных государств и представительствам международных организаций.»;

2) в статье 40:

а) абзац пятый изложить в следующей редакции:

«- организация разработки концепций, утверждение, финансирование, реализация и контроль за осуществлением республиканских, межрегиональных, межгосударственных программ и планов по охране окружающей среды, в том числе по стимулированию использования колесных транспортных средств с электрическими двигателями и созданию зарядной инфраструктуры для электромобилей в Кыргызской Республике;»;

б) статью дополнить абзацем семнадцатым следующего содержания:

«- утверждение положений об электромобилях со специальными зелеными государственными регистрационными номерными знаками и установление льгот для таких транспортных средств.».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О дорожном движении в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., № 8, ст. 248) следующие изменения:

1) статью 2 дополнить абзацами тринадцатым и четырнадцатым следующего содержания:

«**специальный зеленый государственный регистрационный номерной знак для электромобилей** – государственный регистрационный номерной знак, выполненный с зеленой полосой на белом фоне, выдаваемый при государственной регистрации электромобилей, принадлежащих гражданам Кыргызской Республики и юридическим лицам, зарегистрированным на территории Кыргызской Республики. При этом такие номерные знаки не выдаются на электромобили, принадлежащие иностранным гражданам и дипломатическим представительствам, консульским учреждениям иностранных государств и представительствам международных организаций;

**электромобиль** – автомобиль, приводимый в движение одним или несколькими электродвигателями с питанием от независимого источника электроэнергии (аккумуляторы, топливные элементы, конденсаторы и т.п.), без двигателя внутреннего сгорания.»;

2) пункт 1 статьи $23^1$ дополнить абзацами восьмым-десятым следующего содержания:

«- получать специальный зеленый государственный регистрационный номерной знак для электромобилей в порядке, установленном Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

- получать льготы за использование специального зеленого государственного регистрационного номерного знака для электромобилей в порядке, установленном Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

Перечень льгот определяется и устанавливается Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок со дня вступления в силу настоящего Закона привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 23 апреля 2024 года, №80***

## 2022-ЖЫЛДЫН 20-МАЙЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 1995-ЖЫЛДЫН 3-НОЯБРЫНДАГЫ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШКАН МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЖАЛПЫ ИЛИМИЙ-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МЕЙКИНДИГИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, “Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2022-жылдын 20-майында кол коюлган 1995-жылдын 3-ноябрындагы Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан мамлекеттердин жалпы илимий-технологиялык мейкиндигин түзүү жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө протокол бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аталган Протоколду ишке ашырууга жоопту ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 22-апрели, №189***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 30-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №192 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2021–2025-ЖЫЛДАРГА КАРАТА ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ТАРИФТИК САЯСАТЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Электр энергиясынын тартыштыгынын шарттарында керектөөчүлөрдү ишенимдүү жана үзгүлтүксүз электр энергиясы менен жабдуу, ошондой эле электр менен жабдуучу уюмдардын чыгымдарынын ордун толтурууну камсыз кылуу максатында, «Энергетика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 «Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатында:

- Орто мөөнөттүү тарифтик саясатка 1-тиркеменин «2024-ж.01.06.» графасында «2024-ж.01.06.» деген цифралар «2024-ж.01.05.» деген цифраларга алмаштырылсын;

- Орто мөөнөттүү тарифтик саясатка 2-тиркеменин «2024-ж.01.06.» графасында «2024-ж.01.06.» деген цифралар «2024-ж.01.05.» деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №190***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 7-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №52 “ПИЛОТТУК РЕЖИМДЕ АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕФОРМА ЖҮРГҮЗҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толуктaлсын:

“Жогоруда көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечимдер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 8-декабрындагы №743 “Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобонун 5-пунктунун экинчи абзацына ылайык Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилүүгө тийиш.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №192***

## ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН АЛКАГЫНДА НАВИГАЦИЯЛЫК ПЛОМБАЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН ТАШУУЛАРГА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ МЕХАНИЗМИНИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ИШТӨӨСҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2022-жылдын 19-апрелинде Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык биргилинде жүк ташууларга байкоо жүргүзүү үчүн навигациялык пломбаларды колдонуу жөнүндө макулдашууну ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2022-жылдын 19-апрелинде Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык биргилинде жүк ташууларга байкоо жүргүзүү үчүн навигациялык пломбаларды колдонуу жөнүндө макулдашууну ишке ашыруу максатында навигациялык пломбаларды колдонуу менен ташууларга байкоо жүргүзүүнү камсыз кылууну контролдоочу органдар болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

бажы транзитинин бажы жол-жобосунда жана экспорттун бажы жол-жобосунда - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы;

Евразия экономикалык биргилигине мүчө мамлекеттердин ортосунда өз ара сооданын алкагында товарларды алып өтүүдө - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги менен макулдашуу боюнча Евразия экономикалык комиссиясынын органдарынын кабыл алынган чечимдеринин ченемдерине ылайык Навигациялык пломбаларды колдонуу менен Евразия экономикалык биргилигинде ташууларга байкоо жүргүзүү механизминин Кыргыз Республикасынын аймагында иштөөсүн камсыз кылуу тартиби жөнүндө жобону биргелешкен ички чечим менен бекитсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №191***

## ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ АЙМАГЫНАН ТЫШКАРЫ РЕГЕНЕРАЦИЯЛАНУУЧУ КАГАЗДЫ ЖАНА КАРТОНДУ (МАКУЛАТУРА ЖАНА ТАШТАНДЫ) ТАШЫП ЧЫГУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биргилиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** ЕАЭБ ТЭИ ТН 4707 коду менен классификацияланууучу регенерацияланууучу кагазды жана картонду (макулатура жана таштанды) Евразия экономикалык биргилигинин бажы аймагынан тышкары ташып чыгууга (экспорттоого) ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл болгон чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы №484 "Евразия экономикалык биргилигинин бажы аймагынан тышкары регенерацияланууучу кагазды жана картонду (макулатура жана таштанды) ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №193***

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН АВТОТРАНСПОРТТУК-ЭКСПЕДИЦИЯЛЫК ИШКАНАСЫ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН КОШУУ ЖОЛУ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТҮ БАШКАРУУ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИКТИН АЛДЫНДАГЫ "ОБЪЕКТТЕРДИ БАШКАРУУ БОЮНЧА ДИРЕКЦИЯ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН КАЙРА УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ишканалардын ишин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын автотранспорттук-экспедициялык ишканасы" мамлекеттик ишканасын кошуу жолу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" мамлекеттик ишканасы кайра уюштурулсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" мамлекеттик ишканасы "Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын автотранспорттук-экспедициялык ишканасы" мамлекеттик ишканасынын укук мураскери болуп саналат деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомун түзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомуна ишенимдүү башкарууга өткөрүп берилүүчү мамлекеттик ишканалардын (филиалдарынын) - мүлктүк комплекстердин тизмегинде:

- 1-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн кайра уюштурууучу юридикалык жактын өткөрүп берүү актысын бекитсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №194***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 18-ИЮНУНДАГЫ №377 "ЖАНЫБАРЛАРДЫН ЫЛАҢЫНЫН АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕГИ ВЕТЕРИНАРДЫК-САНИТАРДЫК ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын ветеринардык мыйзамдарын өркүндөтүү жана эпизоотиялык бакубаттуулукту камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-июнундагы №377 "Жаныбарлардын ылаңынын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Малдын ылаңынын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарда:

1) 159-пункт "Кыргыз Республикасынын" деген сөздөрдөн кийин "укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына жана кылмыш-жаза" деген сөздөр менен толукталсын;

- 162-167-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"162. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан кароосуз өткөн жаныбарларды айдап чыгууга мүмкүн болбогондо, алар мамлекеттик чек араны кайтаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - чек ара кызматы) тарабынан кармалууга тийиш.

Чек ара кызматынын өкүлдөрү жаныбарларды кармоо фактысы жөнүндө (анын ичинде аларды ээсине өткөрүп берүү жөнүндө) кармалган учурдан тартып үч күндөн кечиктирбестен ветеринария боюнча мамлекеттик органдын, ички иштер органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө маалымдайт.

Ички иштер органдары менчик ээсин издөө чараларын көрөт.

Ошол эле учурда кармалган жаныбарлар 21 күндөн кем эмес карантинге алынат жана бул мезгилде ветеринария боюнча мамлекеттик орган эпизоотиянын пайда болушун жана жайылышын болтурбоо максатында карантиндик иш-чараларды жүргүзөт.

Карантиндик иш-чараларды өткөрүү үчүн жерди ветеринария боюнча мамлекеттик орган аныктайт, ал эми жаныбарларды убактылуу кармоого жоопту адамды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы аныктайт, бул жөнүндө төрт нускада акт түзүлөт, алардын ар бирине өкүлдөр кол коёт, ушул пунктта көрсөтүлгөн органдарда катталууга жана сакталууга тийиш жана алардын мөөрү менен ырасталат.

163. Эгерде жаныбарлар кармалган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин алардын таандыктыгы аныкталбаса жана аларга карата өзүнүн укугу жөнүндө эч ким билдирбесе, ошондой эле өзгөчө коркунучтуу ылаңдардын болушуна жүргүзүлгөн лабораториялык изилдөөлөрдүн терс жыйынтыгы болгондо, жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган продукцияларды идентификациялоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мындай жаныбарларды андан ары идентификациялоо үчүн бул жаныбарлар убактылуу багуусунда болгон адамдын менчигине акысыз өтөт.

Жаныбарларды идентификациялоо жана аларды Идентификацияланган жаныбарлардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде каттоо үчүн негиз болуп ушул Талаптардын 162-пунктунда каралган акт жана алгачкы лабораториялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эсептелет.

Жаныбарлар менчигине өткөн адам аларды багуу жана карантиндик иш-чараларды жүргүзүү менен байланышкан зарыл болгон чыгымдардын ордун толтуруу максатында аларды сатууга укуктуу.

Бул адам өзүндө багылган жаныбарларды менчикке алуудан баш тартканда, алар муниципалдык менчикке өтөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы аныктаган тартипте пайдаланылат.

164. Жаныбарлардын ээси аныкталган учурда малды багууга жана кармоого байланышкан бардык чыгымдардын, ошондой эле карантиндик иш-чараларды өткөрүүгө байланыштуу мамлекеттик органдар тарткан чыгымдардын ордун толтурууга тийиш.

165. Кармалган жаныбарлардын арасынан жугуштуу ылаңдар, ошондой эле этиологиясы белгисиз ылаңдар (эмердженттик ылаңдар) табылганда жана лабораториялык изилдөөлөрдүн (сыноолордун) оң жыйынтыгында ылаңдын түрүнө жараша оорулуу жаныбарлар же бардык кармалган жаныбарлар ээсине компенсация төлөнбөстөн санитардык союлууга же жок кылынууга тийиш.

Бул чаралар ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча жана контролдугунда жүзөгө ашырылат.

Лабораториялык изилдөөлөр ветеринардык лабораториялар тарабынан Евразия экономикалык комиссиясынын кеңешинин 2017-жылдын 10-ноябрындагы №80 "Ветеринардык контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашырууда лабораториялык изилдөөлөрдү (сыноолорду) өткөрүүнү уюштуруу эрежелерин бекитүү жөнүндө" чечими менен аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

166. Союлган продуктуларды андан ары пайдалануу же аларды жок кылуу жүргүзүлгөн ветеринардык-санитардык экспертизанын жыйынтыгы боюнча тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин мамлекеттик башкы ветеринардык инспекторунун чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

167. Жаныбарларды жок кылууда же союуда үч нускада акт түзүлөт, анын бир нускасы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүндө калат, ал эми калган нускалары чек ара кызматынын аймактык бөлүмүнө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилет.";

- 175-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"175. Тиешелүү уруксаты жана ветеринардык коштоочу документтери жок мамлекеттик чек арадан өткөн чектеш мамлекеттин малдары жайыттарда же ташуу (айдап өтүү) жолунда аныкталганда же мамлекеттик чек арадан уруксатсыз жана жаныбарларга тиешелүү ветеринардык коштоочу документтерсиз алып өтүүгө аракет жасалганда мындай жаныбарларды аныктаган адам ветеринария боюнча мамлекеттик органга, ички иштер органына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына токтоосуз билдирет.

Кармалган жаныбарларга карата андан аркы жол-жоболор ушул Талаптардын 162-167-пункттарында белгиленген тартипте аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жайыттарына жаюу максатында чектеш мамлекеттин жаныбарлары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан уруксатсыз өткөн учурлар жөнүндө ветеринария боюнча мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү ветеринария боюнча мамлекеттик органдын жетекчилигине токтоосуз билдирет.";

- 258-пунктта "административдик айып салууга" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде көрсөтүлгөн чараларды көрүүгө" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 358-пунктта "мыйзамдарына ылайык административдик жана жазык жоопкерчилигине" деген сөздөр "укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтомдун аткарылышы министрликтердин жана ведомстволордун тиешелүү жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттарынын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №195***

## 2020-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНИН ТАРМАКТЫК УНИВЕРСИТЕТИН УЮШТУРУУ ЖАНА ИШТЕШИ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2020-жылдын 29-майында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Тармактык университетин уюштуруу жана иштеши жөнүндө макулдашуу расмий тилде бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аталган Макулдашууну ишке ашырууга жоопту ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А. ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №196***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОШ, ЖУМГАЛ, НАРЫН, ЖЕТИ-ӨГҮЗ ЖАНА ЧАТКАЛ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери келип түштү.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттар депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө:

- Ош аймактык шайлоо комиссиясынын 19.04.2024-ж. №4 – Ош шаарынын Ош шаардык кеңеши боюнча;
- Жумгал аймактык шайлоо комиссиясынын 17.04.2024-ж. №5 – Нарын облусунун Жумгал районундагы Баш-Кууганды айылдык кеңеши боюнча;
- Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын 17.04.2024-ж. №1 – Нарын облусунун Нарын районундагы Он-Арча айылдык кеңеши боюнча;
- Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын 15.04.2024-ж. №2 – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Кызыл-Суу айылдык кеңеши боюнча;
- Чаткал аймактык шайлоо комиссиясынын 16.04.2024-ж. №3 – Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Чаткал айылдык кеңеши боюнча.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде, депутат каза болгондугуна байланыштуу жергиликтүү кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө:

- Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын 15.04.2024-ж. №2 – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Ырдык жана Жаргылчак айылдык кеңештери боюнча.

Жеке арыздардын негизинде депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө:

- Жумгал аймактык шайлоо комиссиясынын 17.04.2024-ж. №6 – Нарын облусунун Жумгал районундагы Баш-Кууганды айылдык кеңеши боюнча.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана 1-1-бөлүгүнүн негизинде, бош калган мандаттарды саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө:

- Ош аймактык шайлоо комиссиясынын 19.04.2024-ж. №4 – Ош шаарынын Ош шаардык кеңеши боюнча.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө:

- Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын 17.04.2024-ж. №1 – Нарын облусунун Нарын районундагы Он-Арча айылдык кеңеши боюнча;
- Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын 15.04.2024-ж. №2 – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Ырдык айылдык кеңеши боюнча.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-2-бөлүгүнүн негизинде, бош калган мандаттарды резервге калтыруунун негизинде мандат алган депутаттардын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда тийиштүү шайлоо округунда шайлоочулардын кыйла көп добуштарын алган кийинки талапкер аялга өткөрүп берүү жөнүндө:

- Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын 15.04.2024-ж. №2 – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Кызыл-Суу айылдык кеңеши боюнча.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдерин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Ош, Жумгал, Нарын, Жети-Өгүз жана Чаткал аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Жумгал аймактык шайлоо комиссиясынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Ош, Нарын жана Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

**5.** Ош, Нарын жана Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**6.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №37***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2024-жылдын 23-апрелиндеги №37 токтомунун 1-тиркемеси*

**Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **Ош шаары** | | | |
| 1. | Ош шаардык | Атабекова Айгулья Гуламидиновна (72) «Ата-Журт Кыргызстан» депутаттык фракциясы | Ош АШК, №4, 19.04.2024-ж. (15.04.2024-ж. өз арызы) |
| **Нарын облусу** | | | |
| **Жумгал району** | | | |
| 2. | Баш-Кууганды айылдык (№1 Баш-Кууганды шайлоо округу) | Ажыгулов Асылбек Калыбекович | Жумгал АШК, №5, 17.04.2024-ж. (03.04.2024-ж. өз арызы) |
| **Нарын району** | | | |
| 3. | Он-Арча айылдык (№1 Он-Арча шайлоо округу) | Касымалиев Алмирбек Төлөмүшович | Нарын АШК, №1, 17.04.2024-ж. (28.03.2024-ж. өз арызы) |
| **Ысык-Көл облусу** | | | |
| **Жети-Өгүз району** | | | |
| 4. | Кызыл-Суу айылдык (№2 Аскер шайлоо округу) | Бектемирова Жыпаркүл Кутмүдүновна | Жети-Өгүз АШК, №2, 15.04.2024-ж. (12.04.2024-ж. өз арызы) |
| 5. | Ырдык айылдык (№1 Ырдык шайлоо округу) | Юсупов Хаким Салмазович | Жети-Өгүз АШК, №2, 15.04.2024-ж. (ЖААКтын 09-05 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2024-жылдын 4-мартында берилген каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0263140 күбөлүгү) |
| 6. | Жаргылчак айылдык (№3 Кичи-Жаргылчак шайлоо округу) | Сокоев Данияр Белекович | Жети-Өгүз АШК, №2, 15.04.2024-ж. (Жети-Өгүз райондук ЖААК бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 3-июлунда берилген каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0230443 күбөлүгү) |
| **Жалал-Абад облусу** | | | |
| **Чаткал району** | | | |
| 7. | Чаткал айылдык (№1 Жаңы-Базар шайлоо округу) | Бактыбек уулу Нурбек | Чаткал АШК, №3, 16.04.2024-ж. (08.04.2024-ж. өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2024-жылдын 23-апрелиндеги №37 токтомунун 2-тиркемеси*

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлердин Ф.А.А. | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **Нарын облусу** | | | |
| **Жумгал району** | | | |
| 1. | Баш-Кууганды айылдык (№1 Баш-Кууганды шайлоо округу) | Токтоналиев Рахатбек Чыналиевич | Жумгал АШК, №6, 17.04.2024-ж. (12.04.2024-ж. өз арызы) |
| 2. | | Кубатбек уулу Нурсултан | Жумгал АШК, №6, 17.04.2024-ж. (13.04.2024-ж. өз арызы) |
| 3. | | Жумабаев Марат Уметбекович | Жумгал АШК, №6, 17.04.2024-ж. (16.04.2024-ж. өз арызы) |
| 4. | | Дербишалиев Рустам Карыпжанович | Жумгал АШК, №6, 17.04.2024-ж. (13.04.2024-ж. өз арызы) |
| 5. | | Джоошев Дөөлөтбек Курманбекович | Жумгал АШК, №6, 17.04.2024-ж. (16.04.2024-ж. өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2024-жылдын 23-апрелиндеги №37 токтомунун 3-тиркемеси*

**Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф. А. А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| **Ош шаары** | | | | |
| 1. | Ош шаардык | Бекташова Гүлмира Рашитовна (33) «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясы | Убактылуу иштебейт | Ош АШК, №4, 19.04.2024-ж. |
| **Нарын облусу** | | | | |
| **Нарын району** | | | | |
| 2. | Он-Арча айылдык (№1 Он-Арча шайлоо округу) | Кенжешов Кубанычбек Жамалбекович | Ж.Иманалиев атындагы орто мектеби, мугалим | Нарын АШК, №1, 17.04.2024-ж. |
| **Ысык-Көл облусу** | | | | |
| **Жети-Өгүз району** | | | | |
| 3. | Кызыл-Суу айылдык (№2 Аскер шайлоо округу) | Саткын кызы Алтынай | С.Абдрахманов атындагы орто мектеби, мугалим | Жети-Өгүз АШК, №2, 15.04.2024-ж. |
| 4. | Ырдык айылдык (№1 Ырдык шайлоо округу) | Докеев Нурбек Каирович | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Жети-Өгүз АШК, №2, 15.04.2024-ж. |

## ЖАЛАЛ-АБАДДА ЖАРМАНКЕ

Жалал-Абад шаарында "Бош жумуш орундар, кесиптер жана гүл жармankeси – 2024" иш-чарасы өтөрү маалым болду. Иш-чара калааддагы «Мир» кинотеатрынын алдында 30-апреледе саат 10.00дө башталмакчы. Жарманкеде шаар аймагында жайгашкан мекеме-ишканалардын бош жумуш орундары жана өндүрүлгөн продукциялары коюлат.

## ЫСЫК-КӨЛДӨ АРТ-ГАЛЕРЕЯ КУРУЛАТ

Балыкчы шаарынын Абдрахманов көчөсүндө арт-галерея куруу пландалууда. Эскиздик долбоору Шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгы тарабынан иштелип чыкканын, арт-галерея жеңил конструкциядан курулуп, эки кабаттуу болорун Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги билдирди.

## БИШКЕКТЕ ВЕЛОЖАРЫШ ӨТӨТ

28-апрелде борбор калаада велосезондун ачылышы болот. Бишкек шаарынын күнүнө арналган веложарыш саат 10.00дө Кыргызстан – Азербайжан Достук паркында башталып, Уркуя Салиева атындагы скверде аяктайт. Иш-чара концерттик программа менен коштолот.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## КАРИМДИН ЭРКИ АТЫ ЖАМАН ООРУНУ ЖЕҢДИ

Карим Гаджиев 2020-жылы короновирус илдети күчөп турган кезде лейкоз оорусуна чалдыкканы аныкталат. Анын дене табы көтөрүлүп, кулагынын артынан шишик пайда болот. Текшерүүлөр анын жүлүн чучугунун (костный мозг) 82%ы рак клеткалары менен жабыркаганын көрсөттү. Анда Карим болгону 11 жашта болчу. Анын оорусуна байланыштуу ата-энеси Бишкекте убактылуу жашоого аргасыз болушат. Бишкектеги Улуттук онкология борборуна жаткырылып, апасы Анастасия Гаджиеванын эмчектеги баласы болгондуктан анын жанында карап жатууга мүмкүнчүлүк болбойт. Баласынын оорусуна байланыштуу ата-энеси Бишкекте же үйү же каралашаар жакыны болбогондуктан аябай кыйналышат. Кантсе да кайрымдуу адамдар арабызда бар эмеспи, аларга акысыз жашап турууга турак жай бергендер табылат. Ошентип бирде атасы, бирде апасы баланын жанында болуп, Карим 2 жыл дарыланат. Балага оорунун диагнозун да айтышпайт, элдин баары короновирус менен ооруп жатканда ал деле ошол оору менен ооруп жатам деп ойлойт. Качан гана оорудан айыккандан кийин капыстан анализдердин жыйынтыгы жөнүндөгү кагаздарды көрүп калып таң калат. Ал мындай оору бар экенин да билген эмес.

Карим химиотерапия алат. Бул албетте өтө татаал процедура. Бирок ал чыдамкайлык менен аны көтөрө алды. Химиотерапиядан кийин рак клеткаларынын саны азаюу тенденциясы жүрө баштайт. Өмүр үчүн эки жылдык оор күрөштөн кийин баланын организми калыбына келип, аты жаман оору чегинип, Карим сакайып кетти. Азыр Карим 13кө келди. Кадимкидей жашоо кечирип, окуусун улантууда.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## ОАО «НЭС КЫРГЫЗСТАНА»

**настоящим уведомляет, что произведены следующие операции с ценными бумагами ОАО «НЭС Кыргызстана»:**

| | |
|---|---|
| Дата | 18 апреля 2024 года |
| Номинальная стоимость 1 акции (сом) | 1,65 сом |
| Наименование источника | ОАО «НЭС Кыргызстана» |
| Наименование адресата | ЗАО «Центральный Депозитарий» |
| Тип операции | зачисление в номинальное держание (эмиссия) |
| Код регистрации ЦБ | KG 0106175019 |
| Количество ЦБ (экз) | 4471552987 |
| Общая номинальная стоимость (сом) | 7399999998,69 сом |
| Доля в УК (%) | 20,92% |
| Дата | 23 апреля 2024 года |
| Наименование источника | ЗАО «Центральный Депозитарий» |
| Наименование адресата | Учреждение «Министерство финансов Кыргызской Республики» |
| Тип операции | Списание из номинального держания (размещение эмиссии) |
| Код регистрации ЦБ | KG 0106175019 |
| Количество ЦБ (экз) | 4471552987 |
| Общая номинальная стоимость (сом) | 7399999998,69 сом |
| Доля в УК (%) | 20,92% |

С/О-471

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫ КОРГОНБАЙ УУЛУ ЖУСУПБЕКТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №5 Ноокат бир мандаттуу шайлоо округунун депутаты Коргонбай уулу Жусупбектен ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө 2024-жылдын 22-апрелинде (кириш. №7/644) келип түшкөн өз арызынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 65-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 6-бөлүгүнө, 59-беренесинин 7-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин №5 Ноокат бир мандаттуу шайлоо округунун депутаты Коргонбай уулу Жусупбектин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулсун.
**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Коргонбай уулу Жусупбектин күбөлүгү анык эмес деп табылсын.
**3.** Кыргыз Республикасынын Президентине №5 Ноокат бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө сунуш жөнөтүлсүн.
**4.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.
**5.** Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.
**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 23-апрели, №36***

## ЖОГОЛДУ
### УТЕРЯ

***Утерянные подлинник лицензии 6755 АР от 09.09.2020 г. а также лицензинное соглашение к нему №4 от 07.02.2024 г. ОсОО "ДИЕС" считать недействительными.*** Н-049

***В связи с утерей диплома серия № РВ 154407 на имя Маматысаева Абдисатара Мамыткановича считать недействительным.*** Н-054

***Абдраев Кутабайга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууугу укук берүүчү күбөлүгү №8185 (24.01.2001-ж. жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Н-078

***Өзгөн шаарынын тургуну Улукходжаев Султанхожага таандык мамлекеттик актысы Ч №679730 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П-202

***В связи с утерей Государственного квалификационного сертификата, выданный Государственным агентством архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики на имя Тынаева Айдарбека Асановича, считать недействительным.*** Б.

***Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Сакалды айыл өкмөтүнүн тургуну Абдраева Гулгакиге таандык 1995-жылдын 30-декабрында серия Ж-НО №0123997 санда катталган (иден.код 3-04-08-0007-0888, 3-04-08-0007-0890, 3-04-08-0007-0892) жер үлүшүнө болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголуп кеткендигине байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П-122

***Жети-Өгүз районунун Даркан айылынын тургуну Табылды Турганбаевге тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү сериясы ДА-886, идент. код 2-02-04-0007-0213 (25.05.1995-жылы берилген) жер күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Б.

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей ЧА №045 (от 10.01.1992 г.) на имя Джумагалиева Куванычбека считать недействительным.*** Н-076

***Асанова Рита Эдиловнага тиешелүү жер үлүшүнө болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №0108620, иден. код-2-01-14-0002-0737 (05.09.2018-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Б.

***Астанов Дурсун Тахиржановичке тиешелүү мамлекеттик актысы №435437 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Н-082

***Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Кочкор-Ата шаарынын тургуну Эгемкулова Токтоканга таандык 2015-жылдын 24-мартында №Ч 200090 санда 2009-жылдын 12-майында катталган (иден.код 3-04-10-0011-0060) турак жайга болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголуп кеткендигине байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П-236

***Асанова Рита Эдиловнага тиешелүү жер үлүшүнө болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №0108619, иден. код-2-01-14-0002-0146 (05.09.2018-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Б.

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей ЧА №112 (от 10.01.1999 г.) на имя Мустанкулова Рустама Мансуровича считать недействительным.*** Н-077

***Урмамбетов Советбек Асекович жеке менчик жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү сериясы №008415, (28.05.2013-жылы берилген) жер күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Б.

***Тилекбаев Сүйүнбекке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгү код ОКПОсу 22160891, ИНН 21504195810101 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Н-087

***В связи с утерей свидетельства на право пользования земли (от 03.12.1982 г.) №006397 на имя Жакыповой Шаарбу считать недействительным.*** П/П-751

***В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок №75 на имя Лебедянского Виктора Петровича считать недействительным.*** Н-090

***Кулуев Бекиге тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү серия Ж №0043 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П-100

***Жолдошова Какыга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы К-К №392 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П-098

***Орозмаматов Рысбайга тиешелүү №560 сериясы Ч №231421 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П-045

***Акматалиева Гүлшаарга тиешелүү мамлекеттик актысы Ч №410804 ( берилген күнү 03.09. 2012-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Н-089

***Эркимбаев Малик Абдрашитовичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЧК №568 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** Н-088

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Optima Bank ФИНАНСОВАЯ ОТЧЕТНОСТЬ ОАО «ОПТИМА БАНК» ЗА 1 КВАРТАЛ 2024 ГОДА

## ОТЧЕТ О ФИНАНСОВОМ ПОЛОЖЕНИИ *
### на 31 марта 2024 года (включительно)

| | 31 марта 2024 г. тыс. сом | 31 марта 2023 г. тыс. сом | 31 декабря 2023 г. тыс. сом |
|---|---|---|---|
| **АКТИВЫ** | | | |
| Денежные средства | 5 097 796 | 8 050 787 | 5 882 162 |
| Счета и депозиты в Национальном банке Кыргызской Республики | 5 330 101 | 4 874 975 | 9 217 131 |
| Счета в банках и других финансовых институтах | 7 717 862 | 4 007 330 | 7 239 429 |
